**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Таалайбек Болотбекович Усубалиевдин өтүнүчүн өндүрүшкө
кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2024-жылдын 27-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: М.Ш. Касымалиев, К.А. Дуйшеев, К.Дж. Кыдырбаев сот отурумунун катчысы Б.К. Мырзакановнанын катышуусунда Т.Б. Усубалиевдин өтүнүчүн карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2024-жылдын 28-февралында Т.Б. Усубалиевдин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун 2-пунктун жана ушул эле токтомдун 1-пунктунун 1-пунктчасы менен бекитилген убактылуу жобонун 9-пунктун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинин үчүнчү абзацына, 5-беренесинин 2-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1-бөлүгүнө, 111-беренесинин 5-бөлүгүнө, 113-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 114-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыздануучу талашылып жаткан ченемдер менен шаарлардын мэрлерине бюджетти бекитүү жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүү, коммуналдык кызматтарга жана товарларга, жүргүнчүлөрдү жалпы пайдалануудагы автомобилдик транспорт менен ташуу кызматына тарифтерди бекитүү боюнча ыйгарым укуктары берилип жатат деп белгилейт.

Ошондой эле, талашылып жаткан ченемдер жергиликтүү кеңештин депутаттарынын конституциялык укуктарын, анын ичинде жергиликтүү кеңештин депутаты катары арыздануучунун конституциялык укуктарын чектеп, натыйжада Конституция одоно бузулуп жатат деп эсептейт.

Т.Б. Усубалиевдин айтымында талашылып жаткан токтомдо "пилоттук режим" деген түшүнүк колдонулган, бирок мындай түшүнүк Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында кездешпейт. Пилоттук режим аркылуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жергиликтүү кеңештердин Конституцияда каралган ыйгарым укуктарынан ажыратып салуусу – одоно укук бузуу болуп саналат.

Кайрылуу субъектиси талашылып жаткан ченемдер Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын талаптарына да карама-каршы келерин белгилейт.

Жогорудагыны эске алуу менен, арыздануучу талашылып жаткан ченемдерди конституциялуу эмес деп таанууну сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде тийиштүү текшерүүнү жүргүзгөн судья-баяндамачы М.Ш. Касымалиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигине жана кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө таянат.

Ал өзүнүн жүйөлөрүн негиздөө катары Кыргыз Республикасынын Конституциянын 4-беренесинин үчүнчү абзацына, 5-беренесинин 2-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1-бөлүгүнө, 111-беренесинин 5-бөлүгүнө, 113-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 114-беренесинин 1-бөлүгүнө шилтеме жасаган. Ошол эле  учурда өтүнүчүндө Конституция менен таанылган адамдын жана жарандын конкреттүү кайсы укуктары жана эркиндиктери чектелип жаткандыгын көрсөткөн эмес.

Көрсөтүлгөн конституциялык ченемдер конституциялык түзүлүштүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жалпы негиздерин жана статусун белгилейт.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык арызданууучу өз кайрылуусунда ал койгон маселе боюнча жеке позициясын жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негиздемесин көрсөтүүгө милдеттүү.

Ошол эле учурда судьялар коллегиясы арыз ээсинин Негизги Мыйзамдын жогоруда саналып өткөн ченемдерине шилтеме жасагандыгын жана коюлган маселе боюнча анын позициясы Конституция (97-берененин 3-бөлүгү) жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзам (19-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пункту) менен ага берилген укуктарынын чегинен чыккандыгын белгилейт.

Жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 23-беренесине ылайык, мамлекеттик бийликтин бутактарынын ортосундагы компетенция жөнүндө талашты чечүү тууралуу кайрылуу укугуна белгиленген конституциялык

Мыйзамдын 19-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-7-пункттарында көрсөтүлгөн субъекттер ээ, алар өздөрүнүн компетенциясына тиешелүү болгон бөлүгүндө гана сунуштама киргизе алат.

Жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, ошондой эле тиешелүү эмес органдан же жактан (субъекттен) келип түшсө, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарын, 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Таалайбек Болотбекович Усубалиевдин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун 2-пунктун жана ушул эле токтом менен бекитилген Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө убактылуу жобонун 9-пунктун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинин үчүнчү абзацына, 5-беренесинин 2-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1-бөлүгүнө, 111-беренесинин 5-бөлүгүнө, 113-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 114-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерип берүү жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арызданууучуга кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: М.Ш. Касымалиев

К.А. Дуйшеев

К.Дж. Кыдырбаев

№_____